1. Соцкатегориялар менен иштөө
2. Анкеталардын жыйынтыгы.
3. Рейддер
4. УСР, ЦСМ, ИДН менен бирдикте иш алып баруу
5. Соцпедагогдун ишиндеги инновациялар
6. Соцпедагогдун ишиндеги2019-2023-окуу жылындагы ийгиликтерижана көйгөйлөру.
7. Класстар боюнча мониторинг
8. Ата-энелер менен иштөөнүн жыйынтыгы.
9. Соцпедагогдун 2019-2023-окуу жылына карата койгон максаттары жана маселелери.

А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби.

Социалдык педагогдун 2019-2023 -окуу жылына карата коюлган максаттары жана маселелери.

Максаттары:

1. 2019-2023 -окуу жылына карата соцкатегориялар менен иштөөдө класс жетекчилер менен бирдиктүү иш алып барууну активдештирүү.
2. Окуучулардын тартибине , жетишүүсүнө , сабактарга катышууларына терс таасирин тийгизген себептерди аныктоо, жоюу жана көзөмөлдөө.

Маселелери:

1. Класс жетекчилер менен соцпедагогдун соцкатегориядагы балдар менен иштөөнү көзөмөлгө алууну пландаштыруу жана активдештирүү.
2. Окуучулардын тартибин ондоону, катышууну жөнгө салуу учун ИДНдин катышуусун активдештирип биргеликте рейддерди көбүрөөк жүргүзүү.
3. Ата-энелерди, ата-энелер комитеттин мектеп менен байланышын активдештирүү аркылуу окуучулардын тартибин , жетишүү –катышууларын көзөмөлдөп жөнгө салуу.

А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби.

2019-2023-окуу жылында социалдык педагогдун ишиндеги жетишкендиктери жана койгойлору.

2019-2023-окуу жылында соцпедагогдун жетишкендиктери болуп тартип бузулардын алдын алуу иштери откорулуп мектепте эч кандай тартип бузуулар катталган жок. Буга мектептин 9-класска чейин гана окуучулар болгондугу да себепкер болгондугу байкалды. Сабакка катышуу боюнча көзөмөл жургузуудо себепсиз калган окуучулар болгон жок. Жылдын башында пландаштырылган боюнча соцпедагог менен класс жетекчилер менен бирдикте класстык сааттар өтулуп окуучуларга оң таасирин тийгизди. Ошондой эле соцпедагог тартип бузуулардын алдын алуу жана окуучулардын көйгөйлөрун билип аларды өз убагында чечуу максатында ата-энелер менен жекече иш алып барып, уйлоруно «Уйбуло», «Өспурум» рейддерин жургузуп жыйынтыктарын чыгарып турду. Суициддин, зордук зомбулуктун алдын алуу максатында класстарга тарбия сааттар өтулуп, тушундуруу иштери өткөрулуп, байкоо көзөмөлдөр жургузулуп турду. Ар бир бала менен индивидуалдуу иштерди жургузуу аларга он таасирин тийгизери байкалды. Туулгандыгы тууралуу кубөлугу ж ок окуучуларга УСРге кайрылуу жазып кубөлуктор алынып берилди. Быйылкы окуу жылында 3-класстын окуучусуна туулгандыгы тууралуу кубөлугу жгөтуп ийгендигине байланыштуу УСРге айрылуу жазылды. Мугалимдерге, класс жетекчилерге жана ата-энелерге жекече консультациялар, кеңештер берилип, ата-энелер чогулушунда, педкенешмеде тийиштуу маалыматтар берилип турат. Райондук –шаардык семинарларга узгултуксуз катышып керектуу жана пайдалуу маалыматтар топтолуп иштөөгө женилдиктер болуп келет. Жылдыр бою документациялар боюнча иштер жургузулуп тиешелуу жерлерге өз убагы менен жылына эки жолу маалыматтар, отчеттор берилип турат.

Иштеги көйгөйлөр: Туулгандыгы тууралуу кубөлугу жокторго кубөлук алып беруу көйгөйду жаратып, бирок натыйжада кубөлуктөр алынып берилди. , экинчиси ата-энелер мигрант болгодуктан алардын уйлөрунө айына бир жолу рейд жасоо.

ЦСМ,УСР,ИДН кызматкерлери менен, ата-энелер жана ата-энелер комитети менен мектеп дагы деле байланышы аз болгодуктан

пландаштырган иштерди өз убагында өтүүдө көйгөйлөр жаралып, биргелешип иштөөдо ыңгайсыздар болуп соцпедагогго кошумча иштердин жүктөлгөндүгу болду.

А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектебинин социалдык педагогунун соцкатегориялар менен жүргүзгөн ишине анализ.

А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектебинде ушул жылдары 142 окуучудан 158 окуучуга жетти. Мунун себеби, ата-энелерибашка жактан көчүп келгендигине байланыштуу жана айылдын ичиндеги балдардын көбүрөөк торолуп окуучулардын мектепке келиши менен. Мектепте бардыгы 10 класс комплект бар . башталгыч класстарда 0-4класстар 5-класс , жогорку класстар 5-9-класска чейин 5 класс окушат. Ар бир жылдын аягында соцкатегориялар боюнча учетто турган көп балалуу үй-бүлөөлөрдүн ,аз камсы зүй бүлөөдон , турмуш шарты оор үй бүлөдөн , ата-энеси мигрант үй бүлөлөрдөн турган окуучулар социалдык коргоо кызматынын маалымдамасынын негизинде катталып келе жатат. Жарым жетим окуучулар 2019-жылы 5 окуучу катталса, азыр 7 окуучу , атасынын же апасынын өлгөндүгу тууралуу күбөлүктүн негизинде жазылган. Ата-энеси мигрант окуучулар башында 10 окуучу болсо , ал эми азыр 3 окуучу катталган. Булар ата-энеси кайра оз жерине келип азайды. Калган 3 окуучу чонапалары , байке женелеринин колунда болуп тарбияланып камкордукка алынган, кароосуз калган окуучулар жок. Ата энеси майып окуучулар 2019-жылы 4окуучу болсо , азыр 1 окуучу катталып келе жатат. Мүнкүнчүлүгү чектелген окуучулар жок, үй шартында окуган окуучулар жана ооруулу балдар жок.

Көп балалуу үй бүлөлөрдүн окуучулар 6 окуучу , 2019-жылы жарым жетим Сарманова Д., Курманалиев У., губернатордун «Балаты» майрамына катышып келишсе, быйылкы жылдын Губернатордун майрамына Асылбекова А, барып катышып келди жана президенттик елкага Сарманова М. барып 3 күн майрамга катышып келди. Мектептеги жайкы эс алуу лагерине соцкатегориядагы окуучулар катышып, көбүнө УСР тарабынан акчалай жардам берилип турат. Соцкатегориядан учетто турган окуучулар кружокторго катышып ар кандай байгелүү орундарды женип турушат. ИДН учетунда турган окуучулар 2019-жылы бир окуучу болчу , 2020-жылы учетто турган окуучу жок, 2021-жылы 1 окуучу , 2022-жылы 1 окуучу катталып 6 ай учетто туруп , ИДН кызматкеринин жана класса жетекчилеринин , соцпедагогдун козомолундо болуп , ангемелешуулор жүргүзүлүп , түшүнүк каттар алынып, сабакка катышуусуна жетишуусуно , жана жүрүм-турумуна козомол болуп , тартип бузбай жакшы жүргөндүгүнө

байланыштуу учеттон алынды. Бардык соцкатегориядагы балдар менен ангемелешуулор болуп, уй шарты менен таанышып , ата-энелери менен жекече иш алынып барылды, анкеталар жана рейддер жургузулуп турат. Барынын уйлөрундо окуучга шарт тузулгон ,жашоо шарттары жакшы жана канаттандыраарлык деп табылган. Көйгөйлуу окуучулар жок. Соцкатегориядагы окуучуларга соцкарталар тузулгон, жетишуу жана катышууларына көзөмол жургузулуп маалыматтар алынып жекече иш алынып барылып турат.

Ар бир окуу жылынын башында анкета лауунун планы тузулгон. План боюнча уй булөлук зомбулуктун алдын алуу жана аны аныктоо максатында 5-7 -класстын окуучуларынан «Зомбулуксуз уй булө» деген темада анкета алынып анын жобунун негизинде эч кимиси уй булөлук зомбулукка кабылган жок экендиги аныкталып жыйынтык чыгарылган. 5-9класстардын окуучуларынын тартип бузуулардын алдын алуу максатында «Биздин мектепте рэкет барбы?» деген темада анкета алынып берилген суроолорго бардыгы бирдей 100% биздин мектепте рэкет жок экендиги аныкталды. Ыймандуулукка жана адептуулкко тарбиялоо максатында «Жаман адаттан алыс бололу» темасында 3-5-класстын окуучуларынан анкета алынып берилген суроолорго канаттандыраарлык жооптор алынган. Жыйынтыгында бардыгы жаман адаттан алыс жана ага жол бербөө керек экендигин билдиришкен.

Суициддин алдын алуу максатында жана депрессияга кабылган окуучуларды аныктоо максатында 7-9-класстын окуучуларынан «Жашоо керемет!» деген темада сурөт тартуу аркылу анкета алынып турат. Бардык сурөттөр ачык тустө, позитивдуу маанайда тартылып, тынчсызданууга себеп жок деп жыйынтык чыгарылды.

Сабактан жетише албаган окуучулардын ата-энелери менен алардын себептерин аныктоо жана кенеш беруу максатында ангемелешуу жургузулуп анкета алынат, жыйынтыгында ата-энелер балдарына коп конул бурбагандарын айтышып мындан кийин козомолдоп турууну убада кылышты.

«Биздин досторубуз» деген темада тартип бузуулардын алдын алуу максатында 4-8 класстын окуучуларынын арасында анкета алынып , жыйынтыгында бардыгы достошуу , мамиле кутуу адебин , маданиятын билишет.

«Өз укугунду биле жур» деген темада 3-7-класстын окуучуларынын укук бузууларды табуу жана тартипти козомолдоо максатында анкета алынат.

Жыйнтыгында мектепте укук бузгандар жок, бардыгы өз укуктарын билишет.

Жыйынтыгында жыл ичинде бардыгынан анкета алынып жаш өзгөчөлуктөрунө жараша берилген суроолорго канаттандыраарлык жооптор алынды. Мектептеги балдардын саны аз болгондуктан тартип бузуулар жок жана коркунуч эч кандай маселе жок экендиги белгиленди.

Соцпедагогдун ишиндеги инновациялар

2019-2023-жылдары соцпедагогдун милдетин аткарганымдан баштап тушунуктуу болуп алдыга койгон милдеттер , пландагы иш чаралар өз убагында аткарылып турду. Мындан болгону пландагы коюлган иштер жана гана аткарылып жанылануу , инновациялар киргилип турду.

Соцпедагогдун УСР,ЦСМ,ИДН менен бирдикте иш алып барууда.

ЦСМ менен иштоо башкы дарыгери АкматоваА.А. менен бирдикте мектеп окуучулары медициналык кароодон өткөрулуп окуучулардын ден соолуктары тууралуу тиешелуу маалыматтар берилет.

УСР менен иштөөдө ар бир оку/жылынын башында Жуматаева Ж. менен бирдикте соцкатегорияда катталган окуучулардын жашоо шарты менен таанышуу максатында окуучулардын уйлөрунө рейд жургузулот. УСР кызматкери Жуматаева кубөлугу жок окуучуларга көмөк көрсөтуп өзунун атына берилген ишеним каттын негизинде кубөлук алынып берилетр. Ошондой эле мектептин соцкатегориялары тууралуу тиешелуу маалыматтар өз убагында берилип турат.

ИДН инспектору менен иштөөдо окуу жылынын башында эле ИДН инспектору Бейшеев С..мектеп окуучулары менен таанышуу иретинде келип жолугуп кетет. ИДН инспектору , соцпедагог жана уюштуруучу тарабынан 7-9-класстын окуучуларына «Өспурумдун кылмыштуулугу» деген темада кылмыштуулуктун алдын алуу максатында семинар өтулөт.

Жыйынтыгында УСР менен биргеликте иштөөдө бир аз алдыга жылып эффективдуу болду , себеби мектеп менен байланышта болуп тиешелуу маалыматтар өз убагында берилип турат, бирок рейддерге чыгууда баашка мектептер болуп убакыттын аздыгынан толук катыша алган жок.

ЦСМ , ИДН кызматкерлеринин мектеп менен байланышы аз болгондугуна байланыштуу планда каралган иштер толугу менен аткарылбай , лекциялар өтулшбөй , рейддерге толук катыша алган жок.